**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Тамара Иманкуловна Бегимкулованын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 7-июну　　　　　　　　　　　　　　Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, сот отурумунун катчысы А.Т. Таалайбековдун катышуусу менен Тамара Иманкуловна Бегимкулованын кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 10-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.И. Бегимкулованын “Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №46 Мыйзамынын 7-статьясын Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, Кара-Суу районунун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын 1997-жылдын 29-декабрындагы №681 токтомунун негизинде Кара-Суу районунун Төлөйкөн айыл өкмөтүнүн аймагындагы кайра бөлүштүрүү фондунун жеринен “Азада” фермердик чарбасына 5,87 га сугат айдоо жери өткөрүлүп берилгендиги, бирок аталган токтомдо жер тилкесин пайдалануунун мөөнөтү аныкталбаганы көрсөтүлгөн.

Ал эми талашылып жаткан ченемге ылайык, жеке жактарга берилген жана орточо чарбалык жер үлүшүнөн ашык болгон, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте алар үчүн 2000-жылдын 1-январына чейин акчалай компенсациялар төлөнбөгөн айыл чарба багытындагы жер участоктору, ошондой эле чакан фермаларды, фермердик чарбаларды, алардын ичинде эт, сүт багытындагы чакан фермаларды түзүү үчүн берилген жер участоктору ал берилген мөөнөткө чейин жеке жактардын пайдалануусунда калат.

Эгерде жер участокторун берүүдө пайдалануунун мөөнөттөрү аныкталбаса, жер участокторун пайдалануу 2000-жылдын 1-январына чейин берилген деп эсептелет.

Кайрылуу субъектисинин пикиринде, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №46 Мыйзамы айыл элине өз убагында жеткирилбей, аны аткаруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жетишээрлик деңгээлде иштер жүргүзүлгөн эмес.

Ошондой эле, арыз ээси аталган жер мурда насос менен гана сугарылып жана түшүмдүүлүгү начар болгондуктан, ал 2005-жылы Төлөйкөн айыл өкмөтүнө аны иштетүүдөн баш тартуу жөнүндө арызы менен кайрылганын белгилейт. Ал эми тиешелүү айыл өкмөтү жерди өзүнө алуудан баш тарткандыктан, "Азада" фермердик чарбасы 2005-2016-жылдар аралыгында аталган жерди иштетип келген.

Кайрылуу субъектиси ырастагандай, 2021-жылдын 19-мартында Төлөйкөн айыл өкмөтү талашылып жаткан ченемге шилтеме жасап, арыз ээсин маалымдабастан, аталган жерди тиешелүү айыл өкмөттүн аймагында жашабаган адамдарга аукцион өткөрүү аркылуу сатып жиберген.

Ушуга байланыштуу, арызданууч талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" 2008-жылдын 17-июнундагы №306 токтомуна жана жер участогун мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу, анын

ичинде ижара келишиминин шартында пайдалануу жерди 50 жылга чейинки чектелген мөөнөттө пайдаланууну тааныган Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 7-статьясынын 2-пунктуна карама-каршы келет деп эсептейт.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, арыздануучу талашылып жаткан ченемди конституциялык эмес деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын түзүмдүк элементтеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат.

Ушуга байланыштуу, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 27-беренеси менен Конституциялык сотко болгон кайрылууга коюлуучу жалпы талаптар караштырылган. Алсак, аталган берененин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, кайрылууда арызданууучунун коюлган маселе боюнча позициясы жана анын Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул талап арызданууучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдук байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучулук таасиринин конституциялуулугунда аныксыздыкты пайда кылышы керек дегенди билдирет.

Бирок, Т.И. Бегимкулова өзүнүн кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугу тууралуу маселени козгоо менен адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин камтыган

Конституциянын экинчи бөлүмүнүн тиешелүү ченемдеринин бирин да келтирген эмес, тактап айтканда өлкөнүн Негизги Мыйзамы менен кепилденген анын конкреттүү кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулуп жаткандыгын көрсөткөн эмес.

Судьялар коллегиясы арыз ээсинин “Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №46 Мыйзамы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан айыл жергесинин тургундарына жетишээрлик деңгээлде жеткирилбегендиги тууралуу жүйөсүн туура эмес деп эсептейт, себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясы укук үстөмдүүлүгүн камсыз кылып, ар бир адамдын Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай аракеттерди жана ишмердүүлүктү жүргүзүү укугун белгилөө менен бирге, анын Конституцияны жана мыйзамдарды сактоо милдетин да орнотот (53-берененин 2, 3-бөлүктөрү).

Бул жаатта судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституциясынан баштап колдонуудагы Конституцияга чейин мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды расмий жарыялоо алардын күчүнө кирүүсүнүн милдеттүү шарты болуп саналаарын белгилейт.

Т.И. Бегимкулованын талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 7-статьясынын ченемдерине карама-каршы келет деген жүйөсү боюнча судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренеси менен Конституциялык соттун ыйгарым укуктарынын толук тизмеси белгиленип, ага ченемдик укуктук актылардагы коллизияларды чечүү маселе боюнча ыйгарым укук кирбей тургандыгына көңүл бурат.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарынын талаптарына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе жана кайрылууда

келтирилген талап Конституциялык сотко караштуу болбосо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Т.И. Бегимкулованын “Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №46 Мыйзамынын 7-статьясын Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануу жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

К.А. Дуйшеев

Л.Ч. Жолдошева

№ _____